«Макулдашылды»
№1 педогогикалык кеңешменин
чечими менен
“13” 09 2021 жыл

«Бекитемин»
Мектептин мүдүрү:
Эшимканова Г.Э

Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин стратегиялык өнүгүү планы

2021-2026-окуу жылдары

2021-жылы мектеп жамааты мектептин миссиясын жана 2021-2026-окуу жылдары үчүн өнүгүүнүн стратегиялык планын кабыл алды.

Мектептин миссиясы: Окуучунун жеке өзгөчөлүгүнүн,мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү жана мектептен алган билимин турмушта кеңири пайдаланууга,улуттун баалуулуктарынын сыйлоо менен инсан катары калыптанышына багыт берип,коомдун өнүгүү талабына жооп бере турган маалыматтык технологиялардын жардамы менен заманбап билим берүү.

Стратегиялык максат № 1

Окутуунун сапатын жана натыйжалуу усулдардын өздөштүрүү аркылуу окуучуларга билим берүү

| Күтүлүүчү натыйжа | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 |
|---|---|---|---|---|---|
| Билим сапаты | % | % | % | % | % |
| Ата-Мекенин сүйгөн,улуттук баалуулуктарды сыйлаган, жоопкерчиликтүү, активдүү, эркин, боорукер, мобилдүү, ден соолугу чың инсанды тарбиялоо | Окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу, окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү. Таланттуу окуучулар менен иштөө | Мугалимдердин заманбап технологияларды колдонуу 80% жеткирүү. Менталдык арифметика курсун ачуу . Драм кружогун иштетүү. Олимпиадалык резервти түзүү. | Педокуучуларга, Конференцияларга, Автордук семинарларга катышуу. Англис тили курсуна катыштыруу. ЖОЖдор менен байланышты чыңдоо. | Мектептин окуучуларынын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө максат коюу. Ар түрдүү интеллектуалдык оюндарга катыштыруу. | Мугалимдер заманбап технологияларды колдонуу 100% жеткирүү. ( YouTube канал, Электрондук почта, Zoom, Google диск колдонуу) 100% окуу китептерди менен камсыз кылуу. |

Стратегиялык максат №2

Бирдиктүү билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүн, инсандын өнүүгүсүн жана калыптануусун камсыз кылууда чыгармачылык үчүн шарт түзүү.

| Күтүлүүчү натыйжалар | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Мектепте бардык кабинеттерди заманбапка ылайыктуу жабдылышы жана техника каражаттар менен камсыздалат<br>2. Кызматкерлер IT техникалык каражатты кеңири колдонушат | Өнүгүүнүн ар тараптан өнүктүргөн бий,спорт,музыка ийримдерди иштетүүнү улантуу. Кабинеттердин жабдылышын жаңыртуу,мектептин тегерегин жайылдандыруу менен окуучулар жана мугалимдер үчүн мектепти сүйгөн жайына айландыруу. | Видеокөзөмөл орнотуу.Мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорлатуу системасы аркылуу баалоонун жаңы методдорун киргизүү (модулдук система 50%) | Эски компьютерлерди алмаштыруу жана оңдоо. Интерактивдик такта менен камсыз болуу.Мумкунчулугу чектелген балдарды жекекче план менен окутуу.Жаш мугалимдерди мектепке тартуу жана шарт түзүп берүү. | Компьтердик классты заманбап техника менен касыздоо.(Интерактивдик такта,проектор, Ноутбуктар). Окуучунун китеп окууга болгон кызыгуусун артыруу. | Дистанциондук окуутуда мугалим IT технологияларын колдонуу. Сабактын электрондук базасын түзүү. |

Стратегиялык максат №3

Коопсуздук, сергек жашоону пропагандалоо жана ден соолукка кам көрүү

| Күтүлүүчү натыйжа | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 |
|---|---|---|---|---|---|
| Мектепте окуу шарттары жакшырат.Коопсуздук, сергек жашоону пропагандалоо менен бардык кызыкдар тараптан экологиялык,физикалык жактан коопсуздукта болот.Ооругандардын саны азаят. | Мектептин тегерегин жана кабинеттерди жашылдандыруу.<br>Мектепте кичи фудбол аянтчасын ачуу.<br>Мектептин ашканасындагы эмеректерди жаңыртуу ИДН кызматкерлери менен тыгыз иш алып баруу. | Жугуштуу оорууларды алдын алуу негизинде керектүү жабдуулар менен камсыздалат.Ички жана сырткы видеокөзөмөл коюу.<br>Мектептин эшиктерин, терезелерин жаңыртуу боюнча проект түзүү. | Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга шарт түзүү.Спорттук оюндарды мелдештерди өткөрүү. | Бардык эскирген эмеректерди (парта,отургуч, такта,шкаф, текчелерди)жаңыртуу.<br>Өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча системаны жаңыртуу.<br>Ата-эне менен бирге “Атам,апам,мен – ынтымактуу үй-бүлө”күндөрүн өткөрүү. | Райондук, областык спортук мелдештерге активдүү катышуу.<br>Ден соолук күндөрүн өткөрүү. |

Стратегиялык максат №4

Ата-энелер жана демөөрчүлөр менен тыгыз байланыш түзүү

| Кутулуүчү натыйжа | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 |
|---|---|---|---|---|---|
| Башка билим берүү оюмдары менен кызматташуу. Мектеп,ата-энелер,ар кандай социалдык топтор, өзүн-өзү башкаруу органдары менен байланышы жогорулайт. | Мектеп,ата-энелер,өзүн-өзү башкаруу органдары менен тыгыз байланышта болуу.Окуучуларга берилген тамактануунун сапаты боюнча мониторинг жүргүзүү. | ЖОЖлар менен байланыш түзүү. Копьютердик класс ачууга проект жазуу | Спорт зал курдурууга проект жазуу | Ата-эне окуучулардын жана мугалим биргелешип иштөөнү тынымсыз аткаруу. | Мектептин актовый залын курдурууга проект жазуу. |

**Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин 2021-2026 окуу жылындагы стратегиялык өнүктүрүү планынын анализи.**

2021-жылы 13-сентябрда өтүлгөн 1-педсоветтин жыйынтыгы боюнча мектеп жамааты мектептин миссиясын жана 2021-2026 –окуу жылдары үчүн стратегиялык өнүгүүнүн планын кабыл алды.

**Стратегиялык максат №1** Окутуунун сапаты жана натыйжалуу усулдарды өздөштүрүү аркылуу окуучуларга билим берүү.

2021-2022-окуу жылында алгач жаңы мектептин өз алдынча ишке кирип, педогогдордун камсыздалышы, техникалык кызматкерлердин иштерин уюштуруу жана башка мектептен которулуп келген окуучуларды топтоп, ишти туура жана так уюштурууу жоопкерчилиги эң биринчи максаттардын бири болду. Ошону менен катар мектептин документациясы жана өндүрүүчүлүк иштерди жөнгө салуу иши жүргүзүлдү. Алгачкы сентябрь, октябрь айларында уюштуруучулук иштер өтө көп болду.

Ал эми ноябрь айында Аламүдүн районунун Байтик айыл өкмөтүнүн “Коомдук алдын-алуу борбору” тарабынан уюштурулган мектептер аралык “Зордук –зомбулукка каршыбыз” аттуу сынакка катышып,окуучуларыбыз өз таланттарын көргөзүп келишти.

Декабрь айында мектептин социалдык педогогу-Чидерова З.А “Зордук-зомбулукка жол жок, биз бактылуу балалыкта жашайбыз” аттуу тренинг – сабак мектеп инспекторунун катышуусунда өтүлдү.

**Стратегиялык максат№2** Бирдиктүү билим берүү тарбиялоо чөйрөсүн инсандын өнүүгүсүн жана калыптануусун камсыз кылууда чыгармачылык үчүн шарт түзүү.

Бул структуралык максатта күтүлүүчү натыйжалар-мектепте бардык кабинеттер заманбап жабдылышы жана техникалык каражаттары менен жабдылышы керек. Кызматкерлер IT техникалык каражаттарды кеңири колдонуулары кажет. Ар бир предметтик мугалим кабинеттердин жаблышын жаңыртуу менен мектептин тегерегин жашылдандыруу иштерин аткарып, окуучулар жана мугалимдер үчүн мектепти сүйгөн жайына айландыруу.

2021-2022-окуу жылында айлана-тегеректи көрктөндүрүү максатында арча, тал-теректерди жалпысынан 30 түп отургузулду.Ошондой эле алма-өрүк бактары да отургузулду.

2022-2023-окуу жылына компьютердик класстын жабдылышын камсыздоо үчүн проект жазуу алдында турабыз.

Окуучулардын китепке болгон кызыгуусун арттыруу максатында “Бирге окуйбуз”, ”Окуу керемет” долбоорлордун негизинде иш алып барууну да көздөп жатабыз.

**Стратегиялык максат №3** Коопсуздук, сергек жашоону пропагандалоо жана ден-соолукка кам көрүү.

Бул структуралык максатта күтүлүүчү натыйжалар-мектепте окуу шарттары жакшыртылат.Коопсуздук, сергек жашоону пропогандалоо менен бардык кызыкдар тараптан экологиялык, физикалык жактан коопсуздукта болот. Ооругандардын саны азаят.

2021-2022-окуу жылында апрель айында “Туберкулез” оорусуна каршы мектеп ичиндеги мугалимдер арасында спорттук мелдеш өткөрүлгөн. Сергек жашоо мектептен, мугалимден башталышы керек деген максатта спорт аянтында орун алды. Өрт коопсуздугун алдын алуу максатында өрткө каршы системаларды жаңы боюнча мектепке огнетушителдер коюлду жана коопсуздук үчүн щиттер жаңыртылды.

2022-2023-окуу жылына коопсуздукту сактоо үчүн видеокөзөмөл орнотуу үчүн Билим берүү жана илим министрлигине кепилдик кат менен бирге мектеп проектисинин көчүрмөлөрү жөнөтүлдү.

Апрель айында окуучулар арасында сергек жашоону пропогандалоо алкагында спорттук мелдеш өткөрүү планы киргизилди.

**Стратегиялык максат №4** Ата-энелер жана демөөрчүлөр менен тыгыз байланыш түзүү.

2021-2022-окуу жылында Чүй областтык өнүктүрүү фондусунун проектисинин негизинде мектептин айланасы курчалды. Проекттин суммасы 1200000 сомго өткөзүлдү. Ошондой эле демөөрчү тарабынан мектептин уюштуруу иштерин жакшыртуу үчүн колонка комплектиси менен камсыз кылынды.

2022-2023-окуу жылында демөөрчүлөр менен мектептин китеп фондусун жана окуучулар үчүн компьютердик класс даярдоо планы түзүлүп жатат.

Мектеп директору: Эшимканова Г.Э.